УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL



# УУРДАЛГАН, ЗОРДУК-ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАН ЖАНА НААРАЗЫЧЫЛЫК АКЦИЯЛАРЫ ҮЧҮН КАМАЛЫШКАН

**ЖОАНА  МАМОМБЕ, НЕЦАЙ МАРОВА ЖАНА СЕСИЛИЯ ЧИМБИРИ**

**ЗИМБАБВЕ**

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# УКУКТАРДЫ КОРГОО ҮЧҮН КАТ ЖАЗ

# 20 ЖЫЛДАН БЕРИ ЖАЗЫЛЫП, КЫЙЛА ӨМҮР ӨЗГӨРТКӨН КАТТАР

Кимдир бирөөнү колдоо үчүн бир ууч гана адам бириксе, жыйынтыгы укмуш болушу мүмкүн.

Мындан 20 жыл мурун Польшадагы активисттердин чакан тобу 24 сааттык кат жазуу марафонун өткөрүшкөн. Кийинки жылдарда бул идея терең жайыла баштаган. Бүгүнкү күндө "Кат жазуу марафону" — бул адам укуктары боюнча дүйнөдөгү эң ири иш-чара болуп саналат.

2001 -жылы 2,326 кат жазылса, 2021-жылы алардын саны 4,7 млн катка жеткен. Твиттер, петицияларга кол коюу жана башка иш-чаралардын, тилектештик үчүн чек аралар тоскоол эмес деген пикирдин алкагында жер жүзүндөгү адамдарды бириктирип, сөздүн күчүн колдонгон. Биргеликте бул адамдар бир нече жылдар бою 100дөн ашуун адамдын жашоосун өзгөртүүгө жардам берип, аларды кыйноолордон, куугунтуктардан же адилетсиз кармоолордон бошотушкан.

Бул жылы өнөктүк иштери тынчтык жигердүүлүгүн, жеке көз караштары же өзгөчөлүктөрү үчүн бутага алынган адамдардын наразычылыктарын билдирүү жана өз оюн эркин айтуу укуктарын коргоого багытталган.

Алардын арасында укук коргоочу аялдар, сүрөтчүлөр жана тынч демонстранттар бар. Бул адамдар сабалып, түрмөгө камалып, октон жабыркап, куугунтукталып, же коркутуп-үркүтүүлөргө кабылган. "Кат жазуу марафону" аркылуу алар дүйнө жүзүндөгү миңдеген адамдардан атайын тилектештик каттарын алып турушат. Алар жана алардын үй-бүлөлөрү, жашоосундагы жагдайлар коомчулуктун назарында экенин жана алар унутта калбаганын билип турушат. Тилектештик аракеттер менен ар бир адамдын, анын ичинде эң көп басымга кабылгандар дагы зордук-зомбулуктан коркпостон, наразычылык акцияларына тең укукта катыша аларына кепилдик берсек, адилеттүү жана бирдей дүйнөнү түзө алабыз.

Кат жазуу менен бирге, Amnesty өз өлкөлөрүндө чечим кабыл алып, бир нерсе өзгөртө алган адамдарга — саясатчыларга кайрылат. Укуктарды коргоо үчүн кат жаз иш-чарасы адилетсиздикти коомдук иш-чаралар аркылуу көрсөтүп, социалдык тармактарда эл аралык коомчулуктун көңүлүн буруп келет.

Мурдагы жылдары кат жазуу өнөктүгүнө катышкандар көптөгөн адамдар аларды колдоп жатканын түшүнүп, каттардын таасири аларга дем-күч бергенин билдиришкен.

Көбүнесе, кат жазуунун найтыжасында укугу бузулган адамдарга жана топторго карата өлкө бийлигинин мамилеси байкаларлык өзгөрөт. Айыптар алынып, инсандар камактан бошотулушу мүмкүн. Инсандарга гумандуу мамиле жасала баштайт, адилетсиздикке каршы мыйзам жана жоболор киргизилет.

© Amnesty International - Нигерия



*Amnesty Нигериянын активисттери укуктар үчүн жазылган "Каттар марафону - 2021" катышууда.*

- Укугу бузулган адамдар үчүн күрөшүп жатканыбыз жөнүндө бул жерден окуй аласыз: https://eurasia.amnesty.org/marafon-pisem/ (орус тилинде)
- Өлкөңүздөгү Amnesty Уюмунун командасы менен байланышыңыз: www.amnesty.org/countries
- **#W4R22** хэштеги аркылуу @Amnesty уюмуна колдооңузду билдирген твит жөнөтүңүз.

## БАШТООДОН МУРДА

**Адам укуктары боюнча бул билим берүү иш-чарасын** ар кандай онлайн же оффлайн шарттарда, мисалы, мектепте, жамааттык топто, үй -бүлөдө же активисттик топтордун арасында өткөрүүгө болот. Фасилитатор (өткөрүүчү) катары бул иш-чараны алып барып жаткан кезде контекстке жана топтун ыңгайына жараша ылайыкташтыра аласыз. Мисалы, сиз топтун талкуулана турган маселелер боюнча буга чейин кандай билими бар экенин, катышуучулардын санын жана жигердүү катышууга мүмкүнчүлүк бере турган иш-чараларды кантип мыкты уюштурууну, техникалык шарттарын (онлайн же оффлайн түрдөбү), жана башка кандай чектөөлөр бар экенин карап чыксаңыз болот. Катышуучулар кандайдыр бир иш боюнча аракет же чара көрүүнү кааласа, бул алар үчүн коопсузбу сүйлөшүп көрүңүз.

Бардык иш-чаралар **биргелешкен окутуу ыкмаларына** негизделген. Анда катышуучуларга жөн гана маалымат берилбейт; алар кейстерге байланыштуу маселелерге суроо салышат, изилдешет, талдашат жана талкуулашат. Мындай ыкма аркылуу катышуучулар:

негизги компетенттүүлүктөрүн жана жөндөмдөрүн **АРТТЫРЫШАТ**;

өз ой-пикирлерин **КАЛЫПТАНДЫРЫШАТ**, суроолорду беришет жана берилген маселелерди тереңирээк түшүнө баштаашат;

үйрөнгөн нерсесин **КӨЗӨМӨЛГӨ АЛЫП**, кызыкчылыктарына, жөндөмдөрүнө жана тынчсыздануулоарына жараша талкууларды жүргүзүшөт;

өз-ара эмоционалдуу иштешүү жана жүрүм-турумдарын өнүктүрүү үчүн талап кылынган **МЕЙКИНДИККЕ ЭЭ БОЛУШАТ**.

- Эгер сиз биргелешкен окутуу ыкмалары менен тааныш эмес болсоңуз, баштоодон мурда Amnesty International уюмунун көмөктөшүү (Amnesty International's **Facilitation Manual**) боюнча колдонмосун карап чыгыңыз: www.amnesty.org/en/documents/ACT35/020/2011/en/ (англис тилинде)
- Ошондой эле Amnesty International уюмунун **адам укуктары боюнча** онлайн курстары бар https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/120/wedenie-v-prava-celoveka (орус тилинде)

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# СӨЗДӨРҮҢӨРДҮН КҮЧҮ БАР


## ҮЙ-БҮЛӨСҮ МЕНЕН КАЙРАДАН

2021-жылдын 30-июнунда укук коргоочу Жермен Рукуки, Бурундиде төрт жылдан ашык түрмөгө камалып, бошотулган. Ал жөн гана адам укуктарын коргогон үчүн камакка алынып, жоопко тартылган.

2020 – Кат жазуу марафону учурунда дүйнөнүн булуң-бурчундагы тарапкерлер Жермендин эркиндигин талап кылган 436,000ден ашык акцияларды өткөрүшкөн . Эркиндикке чыккандан кийин өлкөдөн чыга албаган Жермен акыры 2022-жылдын февралында Бельгиядагы үй-бүлөсү менен кайрадан жолугушкан . “Укуктар үчүн жазылган каттардын марафону чындап эле оң таасирин тийгизет. Бул колдоо мага, Жермен Рукукиге, түрмөдөн чыгып, адам укуктарын коргоо үчүн ого бетер умтулууга түрткү берди”, — деген ал .



© Приваттык



## ӨЛҮМ ЖАЗАСЫНАН БОШОТУЛДУ

Түштүк Судандык Магай Матиоп Нгонг 2017-жылдын 14-ноябрында киши өлтүрүүгө айыпталып, өлүм жазасына тартылган кезде мектеп окуучусу болчу. Магай судьяга өлүм кокустук экенин айтып, ал кезде болгону 15 жашта экенин түшүндүргөн. Ошентсе да, Магайга жактоочу берилбестен ал киши өлтүрүү боюнча сот жообуна тартылган. 2019 - Кат жазуу марафону учурунда Магайга арналган 700,000ден ашуун иш-чаралар өткөрүлгөн. 2022-жылдын мартында Жогорку сот Магайдын окуя учурунда бала болгондугун эске алып, аны бошотууга макул болгон. Магай азыр өлкөдөн аман-эсен чыгып кеткен жана өзүнө окшогон адамдарга жардам берүүгө мурдагыдан да көбүрөөк чечкиндүү болду.

## УКУК КОРГООЧУ ЭРКИНДИККЕ ЧЫКТЫ

Мугалим жана ата Бернардо Кааль Соль Гватемаланын түндүгүндөгү Кахабон дарыясындагы гидроэлектростанциялардан жапа чеккен жамааттарды коргоо үчүн талыкпай эмгектенген. Ал 2018-жылдын ноябрында анын адам укуктарын коргоо ишине тоскоол болгон бурмаланган айыптар менен жети жылдан ашык мөөнөткө эркинен ажыратылган . 2021- жылы Кат жазуу марафону учурунда Бернардо үчүн жарым миллиондон ашык иш-аракеттер жасалып, ал 2022-жылдын март айында бошотулган.



© Симон Дальмассо

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# АДАМ УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Адам укуктары - бул ар бирибизге таандык негизги эркиндиктер жана коргоолор. Алар жашына, улутуна, жынысына, расасына, ишенимдерине жана жеке багытына карабастан кадыр-барктын, тең укуктуулуктун жана өз ара урматтоонун принциптерине негизделген.

Сиздин укуктарыңыз - алардын сакталышы, башкаларга адилеттүүлүк менен мамиле кылуу жана өзүңүздүн жашооңузду тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу. Бул негизги адам укуктары универсалдуу – алар баарыбызга таандык; дүйнөдөгү бардык адамдар аларга ээлик кылат. Алар ажыратылгыс – аларды бизден тартып алуу мүмкүн эмес. Ошондой эле, алар бөлүнгүс жана бири-бирине көз каранды. Алардын бардыгы бирдей мааниге ээ жана өз ара тыгыз байланышта.

Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда жасалган мыкаачылыктардан кийин Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынгандан баштап, адам укуктары боюнча эл аралык документтер бүткүл дүйнөдөгү адамдардын жашоосун жакшыртуу үчүн иштелип чыккан улуттук, аймактык жана эл аралык мыйзамдардын бекем пайдубалын түздү. Адам укуктары бийликтегилерге мыйзамдар катары каралышы мүмкүн. Алар бийликтегилер жана өкмөт мүчөлөрү үчүн өз юрисдикциясындагы, ошондой эле чет өлкөдөгү адамдардын укуктарын урматтоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттенмелерди жаратат.

Адам укуктары практикалык мүмкүнчүлүктөр болгондо гана орундала турган жыргалчылыктар эмес.



Amnesty International - Швецария

*Amnesty Швейцариянын активисттери укуктар үчүн жазылган "Каттар марафону - 2021" катышууда.*


THE UNIVERSAL DECLARATION OF Human Rights

UNITED NATIONS

© UN Photo

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (АУЖД)

АУЖД — Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдарда жаңыдан түзүлгөн Бириккен Улуттар Уюму тарабынан иштелип чыккан. 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган күндөн бери ал адам укуктары боюнча эл аралык системанын негизин түзгөн. Дүйнөнүн ар бир өлкөсү бул документтин 30 беренесинде айтылган жалпы принциптерге баш ийе турганына макул болгон .

АУЖД – бул декларация. Бул дүйнө жүзү боюнча бийлик тарабынан адамдардарга мамиле кылууда белгилүү стандарттарга баш ийүү ниетинин декларациясы. Адам укуктары эл аралык мыйзамдын бир бөлүгү болуп калды: АУЖД кабыл алынгандан бери анын принциптеринин негизинде көптөгөн башка милдеттүү мыйзамдар жана макулдашуулар түзүлдү. Дал ушул мыйзамдар жана макулдашуулар Amnesty International сыяктуу уюмдарга, бийликтегилерди "Кат Жазуу Марафонун" колдоого алып, туш болгон жүрүм-турумдарынан же терс мамилесинен баш тартууга негиз түзөт.

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

| | | |
|---|---|---|
| **ЖАРАНДЫК УКУКТАР ЖАНА ЭРКИНДИКТЕР**<br>Жашоо укугу, кыйноолордон жана кулчулуктан эркин болуу, дискриминацияга жол бербөө укугу. | **1-берене** | Өз беделинде жана укуктарда эркиндик жана теңдик |
| | **2-берене** | Дискриминацияга жол бербөө |
| | **3-берене** | Адамдын жашоо, эркиндик жана коопсуздук укугу |
| | **4-берене** | Кулчулуктан боштондук |
| | **5-берене** | Кыйноолордон эркиндик |
| **ЮРИДИКАЛЫК УКУКТАР**<br>Күнөөсүз деп эсептелүү укугу, акыйкат сот талап кылуу, негизсиз кармап кетүүдөн же камактан чыгуу укугу. | **6-берене** | Бардык адамдар мыйзам менен корголот |
| | **7-берене** | Мыйзам алдында бардыгы бирдей |
| | **8-берене** | Мыйзам тарабынан белгиленген негизги укуктары бузулган кезде аларды калыбына келтирүү талаптары |
| | **9-берене** | Эч ким мыйзамсыз кармалууга, камакка алынууга, же куугунтукталууга тийиш эмес |
| | **10-берене** | Акыйкат сот жараянын талап кылуу |
| | **11-берене** | Күнөөсү тастыкталганга чейин күнөөсүз деп эсептелүү |
| | **14-берене** | Куугунтукка алынганда чет өлкөдөн баш калкалоо чарасын издөө укугу |
| **СОЦИАЛДЫК УКУКТАР**<br>Билим алуу укугу, үй-бүлөө түптөө жана багуу, эс алуу жана ден-соолукка кам көрүү укугу. | **12-берене** | Үй-бүлөөлүк жеке турмушуна кийлигишпөө жана турак жайынын кол тийбестигин коргоо укугу |
| | **13-берене** | Эркин жашоо жана мамлекеттер ортосунда эркин саякаттоо укугу |
| | **16-берене** | Никеге туруу жана үй-бүлөлүк лүк турмушун баштоо укугу |
| | **24-берене** | Эс алуу жана бош убактысын пайдалануу укугу |
| | **26-берене** | Билим алуу укугу жана башталгыч билим акысыз болууга тийиш |
| **ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАР**<br>Турак жайга ээ болуу, иштөө, пенсияга чыгуу жана адекваттуу турмуштук стандартта жашоо укугу. | **15-берене** | Жарандыкка ээ болуу укугу |
| | **17-берене** | Өздүк турак жайга жана мүлккө ээ болуу укугу |
| | **22-берене** | Социалдык жактан камсыз болуу укугу |
| | **23-берене** | Адилеттүү эмгек акыга иштөө жана кесипчилик союздарга кирүү укугу |
| | **25-берене** | Ден соолук жана жыргалчылыгына кам көрүү үчүн адекваттуу турмушта жашоо укугу |
| **САЯСИЙ УКУКТАР**<br>Өлкөнү башкарууга катышуу, добуш берүү, тынч чогулуштарды өткөрүү, сөз эркиндиги, дин жана ишеним укуктар. | **18-берене** | Ишеним жана дин эркиндиги укугу |
| | **19-берене** | Сөз эркиндиги жана маалыматты жайылтуу укугу |
| | **20-берене** | Эркин түрдө тынч чогулуштарга катышуу жана ассоциацияларга кирүү укугу |
| | **21-берене** | Өз өлкөңдү башкарууга катышуу укугу |
| **МАДАНИЙ ЖАНА ТИЛЕКТЕШТИК УКУКТАРЫ**<br>Коомчулуктун маданий турмушуна катышуу укугу. | **27-берене** | Өз коомчулугуңуздун маданий жашоосуна катышуу укугу |
| | **28-берене** | Бардык укуктар толугу менен ишке ашырылышы мүмкүн болгон эл аралык тартипке болгон укук |
| | **29-берене** | Башкалардын укуктарын сыйлоо жоопкерчилиги |
| | **30-берене** | Бул укуктардын бирин дагы тартып алууга тыюу салынат! |

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# ИШ-ЧАРА
# НААРАЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРГЕНДЕРДИ КУУГУНТУКТОО

### НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

- сөз эркиндиги жана тынч жыйындар
- активист аялдар
- мажбурлап жоготуу
- сексуалдык зомбулук, коркутуу жана куугунтуктоо
- негизсиз кармоо жана камакка алуу

### БУЛ ИШ-ЧАРА ЖӨНҮНДӨ

Үч аялдын окуясынын мисалындагы катышуучулар чогулуш эркиндигине болгон укукту тынч нааразычылык акцияларын өткөрүүгө мүмкүндүк берген адамдын негизги укугу жана бул укукту коргоодо өкмөттүн жана укук коргоо органдарынын ролу жөнүндө билишет. Жоана, Сесилия жана Нецайга кол салынып, түрмөдө отурушкан жана азыр өзүнүн урдалышын “инсценировкалаганы” үчүн сот жообуна тартылууда. Катышуучулар Жоана, Сесилия жана Нецай үчүн акыйкаттыкты талап кылуу үчүн кат жазышат.

### ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Катышуучулар:

- тынч чогулуш эркиндигине болгон укук түшүнүгү, анын нааразычылык жана башка укуктар менен байланышы менен **таанышышат**;
- бул укуктарды өкмөт жана укук коргоо органдары коргоого милдеттүү экендигин **түшүнүшөт**;
- Жоана, Сесилия жана Нецайдын окуясынын мисалында тынч чогулуш эркиндиги бузулган адамдарга тилектештигин **билдиришет**;
- Эл аралык Мунапыс уюмунун “Каттар марафону” кампаниясы менен **таанышышат**;
- Жоана, Сесилия жана Нецайга колдоо жана тилектештик каттарын **жазышат**.

**КУРАК:** 15+

### УБАКЫТ

60 мүнөт. “**Аракет көрүү**” бөлүмү үчүн сизге кошумча убакыт керек болушу мүмкүн.

### КЕРЕКТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

- **Материалдар:** Жоанна, Сесилия жана Нецайдын окуясы (11-бет)
- Нааразылык акциялары, кылмыштуулук жана негизсиз камакка алуулар тууралуу **жалпы маалыматтар** (9-10-беттер)
- **Адам укуктарынын жалпы декларациясынын (АУЖД)** жөнөкөйлөтүлгөн версиясы (5-бет)
- Кагаз, калем жана конверттер (эгер кат жөнөтүлсө)
- Кошумча: Каттардын үлгүсүн бул жерден алсаңыз болот: www.amnesty.org/writeforrights/ англис тилинде).
- Кошумча: Жоанна, Сесилия жана Нецайдын окуясы боюнча видео: www.amnesty.org/w4r-videos (англис тилинде).

### ДАЯРДЫК

- Ар бир катышуучу үчүн маалымдама материалдарды жана АУЖДнын көчүрмөсүн чыгарып алыңыз.
- 9-10-беттердеги жалпы маалыматтарды окуп чыгыңыз.

### КОШУМЧА МААЛЫМАТ

- “Кат жазуу марафону” боюнча кыска курсту бул жерден алсаңыз болот: https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/151/marafon-pisem (орус тилинде)
- “Нааразычылык билдирүү” укугу боюнча кыска курсту бул жерден ала аласыз: https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/224/pravo-na-vyrazenie-protesta (орус тилинде)
- Нааразычылык билдирүү укугу боюнча Мунапыс уюмунун брифингин бул жерден окуй аласыз: www.amnesty.org/en/documents/ACT30/5856/2022/en/ (англис тилинде)

### ЭСКЕ АЛУУ ҮЧҮН МААНИЛҮҮ

- Катышуучуларга бул иш-аракет сексуалдык зомбулук жана тынчсызданууу жана ыңгайсыздыкты жаратышы мүмкүн болгон кыйноолордун конкреттүү түрлөрү жөнүндө эскертүүлөрдү камтый тургандыгын айтыңыз. Сураныч, сабак учурунда алардын эмне менен алектенип жаткандыгын аныктоо үчүн аларды байкап туруңуз. Эгер кимдир бирөө темага байланыштуу баш тартууну каалаunion, анда бул нормалдуу экендигин түшүндүрүңүз.
- Нааразычылык сөзүн колдонуу өтө талаштуу жана катышуучуларды тобокелге салышы мүмкүн болгон контексттерде, сиз аны тынч митингдерге катышуу жана сөз эркиндиги укуктары сыяктуу альтернативалар менен алмаштырсаңыз болот.

## 1. ӨЗГӨРҮҮЛӨР ҮЧҮН КЫЙМЫЛДЫН ЛИДЕРЛЕРИ: СЕСИЛИЯНЫН, ЖОАНАНЫН ЖАНА НЕЦАЙДЫН ОКУЯСЫ

**20 МҮНӨТ**

Сесиллиянын, Жоананын жана Нецайдын окуясына айтып берүүнү баштоо менен ылайыктуу маанайды орнотуңуз. Сиз муну тынчтандыруучу музыка коюп, катышуучулардан көздөрүн жумуп, жашоосунда алар лидерлик жөндөмдөрүн көрсөткөн, башкалар менен бирге же башкалар үчүн позитивдүү өзгөрүүлөрдү жараткан учур жөнүндө ойлонуп көрүүсүн сурануу менен кыла аласыз. Бул ирмем аларда кандай сезимдерди калтырганын эстөөгө чакырыңыз. **Алар башка адамдарга жардам беришкенби? Лидерликти колго алып, бир нерсени жакшы жакка өзгөртө алышканбы?** Бир нече мүнөттөн кийин катышуучуларга көздөрүн ачууну сураныңыз жана катышуучуларга чогуу же жупташып, жанындагы адам менен өз ойлорун бөлүшүүгө убакыт бериңиз.

Аларга Зимбабведеги өзгөрүүлөрдүн башында турган үч күчтүү аялдын окуяларын биле турганыбызды айтыңыз. Катышуучу топко бул окуяга көңүлдү чөктүрүшү мүмкүн экенин эскертиңиз, анткени анда аялдарга карата зордук-зомбулук жөнүндө маалыматтар камтылган. Зарыл болгон учурда каалоочуларга бөлмөдөн чыгууга боло турганын билдириңиз. Төмөнкү үзүндүнү окуп бериңиз:

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

> Сесилия, Жоана жана Нецай – бул үч аялдын көп окшош жактары бар. Алар стол оюндарын ойногонду, Нетфликсти (Netflix) көргөндү жакшы көрүп, саясатка аралашканга кызыгышат. Алар Зимбабвенин башкы оппозициялык партиясынын активдүү мүчөлөрү жана демократия үчүн күрөшкөн активисттер. Тилекке каршы, алар чогуу коркунучтуу кырдаалды да башынан өткөрүшүп, азыр басынткан кол салуу тууралуу оор эскерүүлөрү менен бөлүшүшөт.
>
> 2020-жылдын 13-майында Сесилия, Жоана жана Нецай Зимбабвенин борбору Хараре шаарында бийликтердин Ковид-19 пандемиясына көргөн чараларына жана өлкөдөгү кеңири ачкачылык боюнча өкмөткө каршы наразычылык акциясын жетектегени үчүн полициянын тосмосунда камакка алынган. Полициянын тергөө абагында турганда аларды эч кандай номуру жок унаага салып, күч менен издерин жашырышкан. Алардын баштарына кап кийгизип, шаардан тышка алып чыгышкан. Абдан катуу корккон аялдарды уурдап барып аңга ыргытып, ур-токмокко алып, сексуалдык зомбулук көрсөтүшкөн жана адамдын заңын жегенге мажбурлашкан. Алар эки күндөн кийин Харареден 87 км. алыстыкта табылган. Алар кийимдери жыртылып, дене-бою кесилген жана көк-ала тактар менен ооруканага жеткирилген.

Бул окуяны укканда катышуучулардан эмнени сезишкенин билиңиз. Төмөнкү суроолорду берип, окуяны талкуулаңыз:

- **Эмне үчүн полиция Сесилия, Жоана жана Нецайды тандап алды деп ойлойсуз? Алар кандайдыр бир себептерден улам кармалып калды деп ойлойсузбу?**
- **Кандай деп ойлойсуз, аларга аял болгондуктан башкача мамиле кылыштыбы? Активисттер же наразычылык акциясынын катышуучулары кандай тобокелчиликтерге жана коркунучтарга дуушар болушу мүмкүн?**

## 2. АДАМ УКУКТАРЫН КОРГОО ЖАНА УРМАТТОО МИЛДЕТИ

25 МҮНӨТ

Окуянын дагы башка деталдары бар экендигин айтып бериңиз. Төмөнкүлөрдү үн чыгарып окуңуз:

> Жоана, Нецай жана Сесилия ооруканада жатканда аларга карата наразылык акциясына байланыштуу кылмыш иштери козголгон. Алардын журналисттер менен сүйлөшүүсүнө жол бербөө үчүн абактын кайтаруучулары менен полиция кызматкерлери ооруканада болушкан. Аялдар кол салгандардын айрымдарын тааныганын ырастагандан кийин 2020-жылдын 10-июнунда кайрадан камакка алынып, уурдалгандарын оюнан чыгарды деген айыпталган. Алар 2020-жылдын 26-июнунда күрөө коюу менен бошотулган. Сесилия, Жоана жана Нецайдын доо арызы 2022-жылдын январында башталып, бул билдирүү жазылган күнү да уланып жаткан. Бүгүнкү күнгө чейин алардын  мажбурлап издери жашырылып же кыйноого кабылган фактылары боюнча тергөө иштери башталган эмес жана эч ким жоопкерчиликке тартыла элек.

**Аялдардын окуясынын** көчүрмөлөрүн (11-бет), **жалпы маалыматтар** (9-10-беттер) жана **Адам укуктарынын жалпы декларациясынын** (АУЖД) кыскача мазмунун (5-бет) катышуучуларга таратып бериңиз.

Эгерде катышуучулар АУЖД менен биринчи жолу таанышып жаткан болсо, анда 4-беттеги маалыматты колдонуп, анын эмне экенин түшүндүрүп берүү менен башташыңыз керек.

Катышуучуларды чакан топторго бөлүп, таратылган материалдарды окуп чыгуусу үчүн 10 мүнөткө жакын убакыт бериңиз.  Алардан төмөнкү суроолордун жардамы менен окуяны талкуулоону сураныңыз:

- **Негизги маалыматты окуп, андагы окуялардын кайсынысы ошол окуяга тиешелүү экенин айтыңыз?**
- **Сесиллиянын, Нецайдын жана Жоананын кайсы адам укуктары бузулган деп ойлойсуз?**
- **Сиздин оюңузча Сесилия, Нецай жана Жоанага карата жасалган мамиле башка демонстранттарга кандай кабар берет?**
- **Мамлекеттик жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери эмне кылышы жана эмнелерди кылбашы керек эле?**

Андан кийин катышуучуларды бир топко чогултуп, төмөнкү суроолор боюнча чогуу ой жүгүртүңүз:

- **Окуяны толук уккандан кийин кандай сезимде калдыңыз?**
- **Сиздин оюңузча, бул үч аялга иштерин улантууга күч жана кайратты эмне берет?**
- **Аларды кантип колдой аласыз?**

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

## 3. ЧАРА КӨРҮҮ

15 МҮНӨТ

Мунапыс уюмунун "Каттар марафону " кампаниясы тууралуу айтып бериңиз. Мунапыс уюму адамдарды Жоана, Сесилия жана Нецай үчүн адилеттүүлүктү талап кылууга чакырып жатканын бөлүшүңүз. Каттардын жана башка кампаниялардын канчалык натыйжалуу болоорун көрсөткөн былтыркы кампаниядан (3-бетте) мисалдарды келтирсеңиз болот. Мисал катары 2021-жылдагы ийгиликтүү "Каттар марафонунун" Казакстандык блогер Темирлан Еңсебектин окуясы менен келтирсеңиз болот https://eurasia.amnesty.org/2022/09/15/delo-protiv-kazahstanskogo-blogera -темирлана-энсебека- прекрашено-он-был-героем-марафона-писем-2021-года/ (орусча)

Эгерде катышуучулардын тилектештик акцияларына дароо катышууга убактысы жок болсо, анда аны кийинчерээк кантип жасоону же ким кайсы акцияга катышарын өз ара чечиши мүмкүн. Алардан чыгармачыл мамиле жасоону сураныңыз.

Катышуучуларга Жоанна, Сесилия жана Нецай жөнүндө видеону бул жерден көрсөтсөңүз болот: www.amnesty.org/w4r-videos (англис тилинде).

### КАТ ЖАЗУУ

Катышуучуларды оң жактагы байланыш маалыматын колдонуп, Зимбабвенин бийликтерине кат жазууга чакырыңыз.

Чиновниктерге жеке кат жазуу натыйжалуу болушу мүмкүн экендигин түшүндүрүңүз. Кат жазууга жардам берүү үчүн мүчөлөргө төмөнкү көрсөтмөлөрдү бере аласыз:

- Бийликке бул каттын жеке өзгөчөлүгүн белгилөө үчүн өзүңүз жөнүндө бир нерсе айтыңыз.
- Жоанна, Сесилия жана Нецайдын окуясында сизди эмне таң калтырганын белгилеңиз.
- Аларга бийликтегилер наразылык билдирүү укугун урматтоосу жана колдоо көрсөтүүсү эмне үчүн маанилүү деп эсептей турганыңызды айтыңыз.
- Алардан Жоана, **Нецай жана Сесилияга коюлган бардык айыптарды токтоосуз түрдө алып салууну жана наразылык акцияларына чыгуу укугун тынчтык жолу менен колдонгону үчүн куугунтукка алууну токтотууну айтыңыз.**

President of the Republic of Zimbabwe
Office of the President
Munhumutapa Building
Corner Sam Nujoma and Samora Machel Avenue
P. Bag 7700, Causeway
Harare
Zimbabwe

*Электрондук дареги:* info@opc.gov.zw
*Твиттер:* @edmnangagwa
*Фейсбук:* Emmerson Dambudzo Mnangagwa (Эммерсон Дамбудзо Мнангагва)

*Кайрылуу: Улуу Даражалуу*

### ТИЛЕКТЕШТИКТИ КӨРСӨТҮҮ

Сесилия, Жоана жана Нецайга аларга ишене турганыңызды билдириңиз. Аларга тилектештик жана үмүт сөздөрү менен кат жөнөтүңүз. Көпөлөктөрдү жана гүлдөрдү тартыңыз, сүрөткө түшүрүңүз жана үч аялды белгилеп, социалдык тармактарыңызга жарыялаңыз. Андан кийин катыңызды оң жактагы дарекке жөнөтүңүз. Твиттерде аларга жазылууну унутпаңыз!

Сесилия: @ceechimbiri2
Жоанна: @JoanaMamombe
Нецай: @MarovaNetsai

Сесилия, Жоана жана Нецай англисче жана шона тилинде сүйлөшөт. Сиздин билдирүүңүздө колдонула турган бир нече фраза:

**We stand with you during this time of persecution by the Government of Zimbabwe.
You will overcome.
(In Shona: Joanah, Netsai and Cecillia, tinomira nemi panguva ino mukushungurudzwa kwamurikuitwa nehurumunde yeZimbabwe. Muchakunda.)**

**Joanah, Cecillia and Netsai, you are strong women and an inspiration to many.
Don't give up!**

**Never give up. #Justice for Cecillia, Joanah and Netsai**

*Сесилия жана Жоана үчүн дарек:*
c/o Lucia Masuka
Executive Director
Amnesty International Zimbabwe
54 Midlothian Avenue
Eastlea
Harare
Zimbabwe

*Нецай үчүн дарек:*
Amnesty Norge
v/ Richard/SFL
PO Box 702 Sentrum N-0106
Oslo
Norway

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# МААЛЫМДАМА МААЛЫМАТТАР

# НААРАЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ УКУГУ

Тынч нааразычылык акциялары– бул биздин адам укуктарыбызды ишке ашыруунун активдүү жана ачык ыкмасы. Тарыхта нааразычылык акциялары жеке адамдарга жана топторго каршы пикирлерин, ойлорун жана идеяларын билдирүүгө, адилетсиздикти жана кыянаттыктарды ачыкка чыгарууга, ошондой эле жамааттык мобилизацияга, жаратмандык жана өжөрдүк аркылуу бийликтегилерден жоопкерчиликти талап кылууга мүмкүндүк берип келген. Бирок, айтылган идеялар же көз караштар статус-кводо жана бийликтин динамикасына шек келтиргенде демонстранттар бийликтеги адамдар үчүн коркунуч катары каралышы мүмкүн. Актуалдуу көйгөйлөрдү чечип, адилетсиздикти, кыянаттыктарды жана дискриминацияны жоюунун туура жолдорун табуу үчүн диалогду илгерлетүүнүн ордуна, мамлекеттер көбүнчө тынч демонстранттарды каралап жана кысымга алып, кескин чараларды көрүү менен жооп кайтарышат.

Нааразычылык акцияларына катышкандардын баары эле бирдей тоскоолдуктарга туш боло бербейт. Аялдар, ЛГБТ адамдар жана гендердик шайкеш келбеген адамдар жарандык мейкиндикте нааразычылык акцияларына катышууда өзгөчө кыйынчылыктарга дуушар болушат, анткени алардын укуктары ар кандай зордук-зомбулукту, маргиналдашууну, социалдык ченемдерди жана кээде мыйзамдарды колдонуп, аларды басуу жана патриархаттын үстөмдүгүн жана гетеронормативдүүлүктү сактоо үчүн коом менен чектелет.



*Жоана Мамомбе, Нецай Марова Жана Сесилия Чимбири.*

## НААРАЗЫ БОЛГОНДОРДУ КУУГУНТУКТОО

Тынч нааразылык акциялары көбүнчө жол кыймылын жайлатып же бөгөттөп, ызы-чуу жаратып, ал тургай жеке аймактарды бузуп, тартипти бузуу элементтерине ээ. Нааразылык акциялары ирээтсиз, хаостук же бузуучу аракеттер менен коштолуп, бирок демонстранттар тынч бойдон кала берсе, улана бериши керек. Ошентсе да, укук коргоочулар тынч акциялардын контекстинде уюштуруучу катары да, катышуучу катары да жогорку деңгээлдеги коркунучка туш болушат. Полициянын демонстрацияларды көзөмөлдөө үчүн колдонгон тактикалары тынч чогулуштарга болгон укукту коопсуз жана эркин ишке ашырууда негизги коркунучтардын бири бойдон калууда. Мында көптөгөн бийликтер демонстранттарга каршы мыйзамсыз күч колдонуп, коркутуп-үркүтүп жана негизсиз камап салышат.

Тынч демонстранттарды кылмышкерлер жана ээн баштар деп атаганда же аларга кылмыш иши козголгондо, мисалы, зыян келтиргендиги үчүн соттолгондо же терроризм же козголоң сыяктуу өтө оор кылмыштар үчүн айыпталганда, бул жеке адамдардын унчукпай калууга гана мажбурлабастан, ошондой эле мындай абал конкреттүү топтордун жана алардын каршы чыгуу себептерин мыйзамдан ажыратат. Демонстранттарды каралоо жана куугунтуктоо процесси аларды жана башкаларды алардын аракеттерине кошулушун же чакырыктарына тилекteштигин токтотуу аракети болуп саналат. Тынч демонстранттарды камакка алуу, камоо жана куугунтуктоо да бийликтегилер тарабынан аларга «сабак» берүү, сындын оозун жабуу жана калктын кеңири катмарында коркуу сезимин ойготуу, аларды мындан аркы нааразычылык акцияларына же түз акцияларга кошуулуудан баш тарттыруу үчүн колдонулат.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР
# НААРАЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ УКУГУ

## НААРАЗЫЧЫЛЫК АКЦИЯЛАРЫНДАГЫ ПОЛИЦИЯНЫН ИШИ, ӨЗҮМ БИЛЕМДИК МЕНЕН КАМОО ЖАНА КАРМОО

Укук коргоо органдарына адам укуктарын коргоо жана урматтоо боюнча ар кандай милдеттер жүктөлөт. Мисалы, полиция төмөнкүдөй негизги милдеттерди аткарат:

- **адамдардын мыйзамга баш ийүүсүн камсыз кылуу (мыйзамды ишке ашыруу);**
- **адамдарды коргоо жана коомдук тартипти сактоо;**
- **кылмыштарды иликтөө жана камакка алуу.**

Ар бир адам эркин болууга укуктуу. Эркиндикке болгон укук адамдарды эч качан камакка алынып же түрмөдө отурганга болбойт дегенди билдирбейт. Бирок ал кимдир-бирөөнү камоо үчүн жүйөлүү себептер болушу керек жана белгилүү бир кепилдиктер аткарылышы зарыл. Камакта отурган адамдардын укуктарын  сактоо үчүн атайын укуктар жана кепилдиктер бар. Бул укуктардын жана кепилдиктердин айрымдарына төмөнкүлөр кирет:

- **Кармоо же камоо мыйзамга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.**
- **Камоо өзүм билемдик менен болбошу керек. Мисалы, эгерде мыйзамда тийиштүү процесс же негиз жок болсо, же мыйзам бүдөмүк, өтө кенен, же сөз эркиндиги, тынч чогулуштар, же ишеним эркиндиги сыяктуу башка адам укуктары менен шайкеш келбесе, кармоо же камакка алуу негизсиз болуп саналат.**
- **Кармалган адамга анын эмне үчүн кармалганы, кандай кылмыш жасагандыгы үчүн айыпталып жатканы дароо билдирилиши керек.**

Эгерде бул кепилдиктердин эч бири сакталбаса, анда эркиндикке болгон укук бузулат.

Мындан тышкары, камакка алынган адам төмөнкүлөргө укуктуу:

- **кармалган учурдан тартып адвокат алууга;**
- **үй-бүлөсүнө анын абалы жөнүндө билдирүүгө;**
- **аны кайсы орган кармап жатканын билүүгө жана аны кармоо токтоосуз түрдө катталуусуна;**
- **кармалышынын мыйзамдуулугун сотто талашууга.**

*Жоана, Нецай жана Сесилия соттук отурумда.*




УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛ

# ЖОАНА, СЕСИЛИЯ ЖАНА НЕЦАЙДЫН ОКУЯСЫ


© Цвангирайи Мукважи /Amnesty International


© Приваттык


© Цвангирайи Мукважи /Amnesty International

Жогорудан төмөн карай:
Жоанна, Нецай жана Сесилия 2022-жылы.

Жоана, Нецай жана Сесилиянын көп окшош жактары бар: алар стол оюндарын ойногонду, Нетфликсти (Netflix) көргөндү жакшы көрүшөт жана саясатка кызыгышат. Тилекке каршы, алар жүрөк үшүн алган коркунучтуу кол салууга да бирге кабылышкан.

2020-жылдын 13-майында Жоана, Нецай жана Сесилия Харареде өкмөткө каршы наразылык акциясын өткөргөндөн кийин негизсиз кармалып, полиция бөлүмүнө алынып келинип, андан соң эч кандай белгиси унаага мажбурлап отургузулган.  Алардын баштарына кап кийгизип, шаардан тышка алып чыгышкан. Абдан корккон аялдар аңга ыргытылып, ур-токмокко алынып, сексуалдык зомбулукка кабылып, адамдын заңын жегенге мажбурланган. Алар эки күндөн кийин Харареден бир нече чакырым алыстыкта табылган. Алардын кийимдери айрылып, дене-боюу кесилген, көк-ала тактар менен ооруканага жеткирилген.

Жоана, Нецай жана Сесилия ооруканада жатканда аларга карата наразычылык акциясына байланыштуу кылмыш иштери козголгон. Алардын журналисттер менен сүйлөшүүсүнө жол бербөө үчүн абактын кайтаруучулары менен полиция кызматкерлери ооруканада болушкан. Алар кол салгандардын айрымдарын тааныгандарын ырастагандан кийин 2020-жылдын 10-июнунда кыйноого кабылгандарын жасалмалады деген айып менен кайрадан камакка алынган. Алар 2020-жылдын 26-июнуна күрөө менен камактан чыгарылган.

Жоана, Нецай жана Сесиллиянын соту 2022- жылдын январында башталып, азыркыга чейин уланууда. Алардын үрөй учурган жаракаттары үчүн бүгүнкү күнгө чейин эч ким жоопко тартыла элек.

**“Жаштар эч качан коркуу сезимине алдырбашы керек. Биз, эң корккон нерсеге каршы туруп, аны жеңишибиз керек”.**

**Жоана Мамомбе**

# ЭЛ АРАЛЫК МУНАПЫС УЮМУ ЖӨНҮНДӨ

Эл аралык Мунапыс Уюму - бул 10 миллиондон ашык адамдын адилетсиздикке каршы күрөшкөн глобалдык кыймылы. Биз адам укуктарын бардык адамдар пайдалана тургандай дүйнө үчүн үгүт иштерин жүргүзүп келебиз.

Биз качан жана кайсы жерде мыйзам бузуулар болбосун аларды иликтеп, фактыларды ачыкка чыгарабыз. Бийликтегилерди, ошондой эле ишканалар сыяктуу башка таасирдүү топторду колдоо менен алардын берген убадаларын аткарып, эл аралык мыйзамдарды сыйлашына аракет көрөбүз . Биз менен иштешип жаткан адамдардын таасирдүү окуяларын айтып берип,  дүйнө жүзү боюнча миллиондогон колдоочуларды өзгөртүү үчүн өнөктүккө жана алдыңкы катардагы активисттерди коргоого мобилизациялайбыз. Билим берүү жана тренингдер аркылуу элди  өз укуктарын талап кылууну үйрөтөбүз жана колдойбуз.

Биздин иштер адамдарды коргойт жана күчтөндүрөт - өлүм жазасын алып салуудан сексуалдык жана репродуктивдик укуктарды өнүктүрүүгө; дискриминацияга каршы күрөшүүдөн качкындардын жана мигранттардын укуктарын коргоого чейин иш алып барабыз. Кыйноочуларды жоопко тартууга, репрессивдүү мыйзамдарды өзгөртүүгө жана өз оюн айтканы үчүн камалгандарды бошотууга жардам беребиз. Эркиндигине же кадыр -баркына коркунуч туулган ар бир адам үчүн чакырык жасайбыз.


**AMNESTY INTERNATIONAL УЮМУ**
**ЭЛ АРАЛЫК КАТЧЫЛЫК**

Питер Бененсон Хаус
Истон көчөсү, 1
Лондон WC1X ODW
Бириккен Королдук



Индекс: 32/5902/2022 Kyrgyz
Сентябрь  2022



т: +44 (0)20 7413 5500
ф: +44 (020 7956 1157
электрондук дарек:
contactus@amnesty.org

**https://eurasia.amnesty.org/**



Башкасы көрсөтүлбөгөн болсо, бардык сүрөттөр  © Эл аралык Мунапыс Уюмуна/Amnesty International таандык. Сүрөт: ©Цвангирайи Мукважи / Amnesty International, © Приваттык, © Итаисибанда/CC


**УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ**

AMNESTY INTERNATIONAL